# Бишкек шаарындагы № 87 жалпы орто мектебинин психологиялык кызматтынын 2021-2022-окуу жылындагы жылдык отчету

Мектептеги психологиялык кызматты тарабынан бир жылдык пландын негизинде төмөндөгү иштер аткарылды

Максаты: Окуучулардын психологиялык –педогогикалык мүнөздөмөнүн негизинде психологиялык ден соолугуна байкоо жүргүзүү менен алардын окууга болгон кызыгууларын жогорулатуу.

Жыл башында окуучулардын адаптациясына психолог тарабынан көзөмөлдөр жүргүзүлдү. Мектепке жаңы келген окуучулар менен аңгемелешүүлөр болду жана класстар менен иш алып барылып,жалпы мүнөздөмөлөр берилди. Окуучулар менен болгон маекте кээ бир балдардын үйлөрүндө адабий китептер жок болгондуктан , мектеп ичиндеги китепканадан ар кандай жомок китептерди , адабий китептерди окуучулар алышты. Социалдык абалы начар жана жарым жетим, тоголок жетим, психологиялык абалы алсыз болгон балдарды мектеп ичиндеги комуз, бий кружокторуна ,ментальдык арифметикага катышууга сунуштар берилди. Октябрь айында окуучулардын сабактарга болгон мотивациясын көтөрүү иретинде “Психолог кеңеш берет!” деген стен газета чыгарылды.

| **№** | **Аткарылуучу иштер** | **формасы** | **Эскертүү** |
|---|---|---|---|
| 1 | Психопрофилактика | Ата –энелер чогулуштарына катышуу,психологиялык климаттка көңүл буруу | |
| 2 | Психодиагностика | Тесттирлөө,жекече кенештер | |
| 3 | Психологиялык консультация | Баарлашуу,группалык кеңештер, жекече кеңештер | |
| 4 | Уюштуруучу- методикалык иштер | Тренингдер, видеоролликтер | |

## 1. Психопрофилактика

1- чейрек ичинде окуучулардын адаптациясына психолог тарабынан көзөмөл жүргүзүлдү.

Мектепке жаңы келген окуучулар менен аңгемелешүүлөр болду жана 1- класстардын адаптация болуу деңгээлине жараша диагностикалык иштер жургузулду ,балдардын психологиялык ден- соолугуна ,өзүн алып жүрүүсүнө көзөмөлдөр жүргүзүлдү. Жаңы келген мугалимдер жана жаш мугалимдерге класстын жалпы мүнөздөмөсү менен таанышуу сунушталдыжана алар менен жекече баарлашуу болду. Тиешелүү мезгилде ата- энелер чакыртылып , алар менен да аңгемелешүүлөр болду.

## 2.Психодиагностика

Октябрь айында психологиялык –педогогикалык мунөздөмөнүн негизинде тобокел тобундагы окуучулардын тизмеси такталды. Ар бир окуучунун жүрүш –турушу жана ден соолугун,соц абалы тактап чыгарылды.

| № | классы | саны | Дареги |
|---|---|---|---|
| 1 | 3г | 1 | Ак-Жар 21-31 |
| 2 | 3д | 1 | Келечек 8-9 |
| 3 | 4е | 1 | Келечек 14-48 |
| 4 | 6е | 1 | Ак-жар 39-26 |
| 5 | 6д | 1 | Келечек 5-56 |
| 6 | 7в | 1 | Адилет 4-18 |
| 7 | 7е | 1 | Келечек 6-48 |
| 8 | 8г | 1 | Калыс ордо 6-43 |
| 9 | 9г | 1 | Келечек 9-64 |
| 10 | 9д | 1 | Ак-жар 11-17 |

О.Э тобокел тобуна мүмкүнчүлүгү чектелген окуучулар да кошулду.

Тобокел тобундагы окуучулар,соцабалы начар, жарым жетим, тоголок жетим, психологиялык жактан алсыз балдарды комуз, бий, ментальдык арифметика кружокторуна катышууга, мектептен сырткаркты адабий китептерди окууга ата- энелерге сунушталды. Тиешелүү учурда мектеп китепканасынан китептер алынып берилди. Жыл башында такталган тобокел тобундагы балдар менен психолог жекече сүйлөшүүлөрдү жүргүздү. Мындай балдардын сабактарга болгон кызыгууларына, келип кетүүсүнө жана сабактан сырткаркты коомдук иштерге катышуусуна өзгөчө көзөмөл болуп жатты. Алардын ата-энелери менен тыгыз байланыштар түзүлдү.

Окуучулардын сабактарга болгон мотивациясын көтөрүү иреттинде стенд газеталар чыгарылды.

Ошондой эле окуучулардын көрүүсү ,угуусу жана эске тутуу сезимдери начар окуучулар менен жекече иш алып баруу үчүн мектеп медайымы менен чогуу көзөмөлдөр жүргүзүлүп жатты.Алардын ата-энелери менен тыгыз байланыш түзүлдү.

Тобокел тобундагы балдар менен иштөөдөгү көйгөйлөр жана сунуштар

| № | Көйгөйлөр | Сунуштар |
|---|---|---|
| 1 | Окуучуларга ата-энелер тарабынан үй шарттарынын (стол,стул.ж.б)жоктугу | Социалдык,мту кызматкерлери,балдарды коргоо борборлору менен тыгыз кызматташуу |
| 2 | Бала өз убагында медициналык кароодон өтпөгөндүгү | Баланы жалпы медициналык кароодон гана эмес, психикалык ден соолугун да көзөмөлдөө |
| 3 | Ички жана сырткы миграциянын кесепеттери | Ата –энеси мигрант балдарга атайын иш чараларды өткөрүү |

## 3.Психолгиялык консультация

**А. Группалык консультация** : мектептеги жалпы окуучуларга группалык консультациялар берилүү менен окуучулардын окууларга болгон мотивациясын жогорулатууга, өзүн-өзү тарбиялоо эрежесин аткарууга,гендердик тең укуктуулукка тарбиялоого,,миграциянын балдарга тийгизген терс таасирлерин аныктоого түрткү болду. Жаш жеткинчек балдарга мектеп ичиндеги майда барат нерселерди уурдоо же катып алуунун алдын алуу максатында окуучуларга “Клептомания деген эмне ? “ деген темада стен газета чыгарылып, түшүндүрүү иштери жүргүзүлдү.

Өспүрүм курактагы балдардын азыркы кездеги кийинүү этикасы,өзүн- өзү алып жүрүүсүн , кыргыздын улуттук адеп- ахлабын ,батыш элине алмаштырбоо иретинде “Жигит деген ким?” –деген темада сурамжылоо жүргүзүлдү жана окуучулар өз ойлорун айтышты.

Башталгыч класстардын окуучуларына “Калем сапты туура пайдалануу”жана жол коопсуздугунун эрежелери түшүндүрүлдү.

Орто звенодогу окуучулардын психологиялык аң сезимин көтөрүү ирээтинде “Каякта,качан, кантип болсо да сага тарбия бергендердин башын жерге салдырба!” деген темада тренинг өткөрүлдү.

**Б. *Жекече консультация:*** Баланын жан дүйнөсүндө болуп жаткан көйгөйлөрдү угуу менен аларды ар кандай оор кырдаалдарда өзүн кармоону, бала менен ата-эненин ортосундагы мамилени жакшыртууга, ыксыз иш аракеттерди жасабоого салым кошулду.

2- чейректе,ноябрь айынан баштап окучулардан арт терапиялар , комплекстивдүү диагностика, коррекциялык жана профилактикалык тесттер алынды.Бул учурда окуучулар өздөрүнүн үйлөрүндөгү болуп жаткан ар кандай көйгөйлөрдү сүрөт аркылуу чагылдырып беришкен.

Психолог жекече консультацияда бала менен болгон маекти эч кимге айтпоону, баланын жекече сырларын купуя сактоону алдын ала айтуу менен балдардын көптөгөн көйгөйлөрүн угууга жана жардам берүүгө иш аракеттер жүргүздү. Психологиялык ден соолугу начар жана тарбиялоого тоор балдар атайын китепчеге катталды.

**Психологиялык консультациялар кийинки окуу жылында төмөндөгүдөй**

**бөлүктөр менен каралуусу сунушталды**

| № | Психологиялык консультациялар |
|---|---|
| 1 | Мектепке адаптация болуу көйгөйү тууралуу |
| 2 | Бала менен ата-эненин ортосундагы көйгөй тууралуу |
| 3 | Окуучунун окуу процессиндеги өздүк көйгөйү тууралуу |
| 4 | Окуучунун псигологиялык саламаттыгы тууралуу |
| 5 | Окуучунун өткөөл мезгилдеги ,куррактык кризиси тууралуу |
| 6 | Окуучунун жаш курактагы,эрте жетилүү көйгөйү тууралуу |
| 7 | Өспүрүм кыздардын өзүн-өзү алып жүрүүсү тууралуу |

**4.Уюштуруучу психологиялык -методикалык иштер**

Окуучулар менен ата-энелердин ортосундагы мамилени байкоо ирээтинде “Апамдай апа болобу?” деген теманын астында тегерек стол уюштурулуп, ата-эне ,анын ичинде эне баланы тарбиялоодо эң негизги ролду ойноору

түшүндүрүлдү жана стен газета чыгарылды. Ал эми биздин балдарды курчап турган коркунучтар :"Зордук-зомбулукка жол жок!"

деген темада окуучулар кызуу талаш тартыштарды, сурамжылоолорду жүргүзүштүжана сүрөттөрдү тартышып, стен газета чыгарышты.

Тренингде окуучулар өз ойлорун айтышты жана бала зордук-зомбулукка туш болсо ,мектептин ИДН,психолог,тарбия завуч,соцпедогог, класс жетекчилерине айтуу жана 111 социалдык өнүгүү министирлигине караштуу ишеним телефонуна чалуу тууралуу айтылды. О.Э 5-класстар "Менин үй – бүлөм" деген темада сүрөттөрдү тартышты.

3-чейректе, январь айында "Деңиздей бол-толкунда, бирок тынчтан!"-деген ураандын астында өспүрүм курактагы жана тобокел тобундагы балдар үчүн "Жашоо керемет" деген темада тренинг өтүлүп, кыскача аңгемелер жазылды. Ошону мене бирге февраль айында класс жетекчилерге жана ата энелерге суициддин алдын алуу максатында "Проблемаң болсо баланды кучакта" деген темада түшүндүрууү иштери жүргүзүлдү.

Ар бир ата эне өз балдарынын көйгөйлөрүн терең угуп, аларга жылуу мамиле кылуу менен ар кандай кырдаалды жеңип өтүүгө болорун,балдар менен тыгыз мамиле керектигин ж.б ой пикирлерин айтышкан.

Февраль айында "Ден соолуктун чыңалышына спорт канчалык зарыл болсо, Акыл эстин өсүүсүнө да китеп окуу зарыл " деген темада стен газета чыгарылды ,газетагагы кыскача суроолорго окуучулар, мугалимдер жооп жазышты."Үйүңөрдө кандай адабий китептер бар?"деген сурамжылоого окуучулар жоопторду жазышт

8- март аялдардын эл аралык күнүно карата "Менин апам!" деген темада стен газета чыгарылды.Окуучулар жана мугалимдер өз апаларына болгон сезимдерин ,сүйүүлөрүн газетанын бурчуна жазышкан.

Жыл ичинде чыгарылган видерроликтер жана стенгазеталар

| Видеороликтер | стенгазета |
|---|---|
| Психолог кеңеш берет! | Психолог ата-энелерге сунуш кылат! |
| Балдар менен чогуу китеп окуйбуз | Психолог окуучуларга кеңеш берет! |
| Клептомания | Клептомания деген эмне? |
| Жигит бол! | Жигит деген ким? |
| Мен зомбулукка каршымын. | Зордук –зомбулукка жол жок! |
| Кесип тандоодо жаңылба! | Кесибинди туура танда ,бүтүрүүчү! |

Чейрек ичинде сабакты көп калтырган окуучулар, тарбиялоого оор болгон балдар, психолгиялык ден соолугу начар балдар менен жекече аңгемелешүүлөр ,иштер алынып барылды.

15.03, 16.03, 17.03 числолорунда бүтүрүүчү класстарга кесип тандоочуларга кесип тандоого багыт берилди. Жыйынтыгында бүтүрүүчүлөр өзү каалаган кесипке бараарын жана максаттарды коюууну үйрөнүштү.

Апрель айында ата- энелер , класс жетекчилер, окуучулар, мугалимдер менен жекече сүйлөшүүлөр болуп, консультациялар берилди.

Окуучулардын психикалык абалдары тууралуу ата- энелер менен иш алып барылды жана "Балдарга байкатбай бакыт тартылоонун жолдору" деген темада видеороллик жөнөтүлдү. Видеороликкте ата-зне менен баланын тыгыз мамиледе болуусу чагылдырылган.

**Жыл ичинде өтүлгөн психологиялык тренингдер**

| № | Классы | Тренинг темасы | Өтүлгөн убактысы |
|---|---|---|---|
| 1 | 5-6-7-кл | Клептомания деген эмне? | 06.10.21 |
| 2 | 9-11-кл | Жигит деген эмне ? | 12.12.21 |
| 3 | 7-кл | Зордук –зомбулукка жол жок! | 27.01.22 |
| 4 | 4-кл | "Каякта.качан,кантип болсо да сага тарбия бергендердин башын жерге салдырба!" | 01.02.22 |
| 5 | 1-5-кл | Калем сапты туура пайдалануу | 02.02.22 |
| 6 | 8-9-кл | Биздин мектеп түтүндөн алыс! | 8.02.22 |
| 7 | 8-кл | Деңиздей бол-толкунда, бирок тынчтан! | 17.05.2 |
| 8 | 11-кл | Кесибинди туура танда бүтүрүүчү! | 21.05.22 |
| 9 | 9-10-кл | Психология жумалыгы "Жашоого күлүп кара! | 23-28.06.22 |

Мектеп ичинде биринчи жолу өткүрүлгөн психология жумалыгында окуучулар мугалимдерге жана бири –бирине жакшы маанайларды тартуулоо менен көңүлдөрүн көтөрүштү. Жуманын ичинде мектеп парламенти менен биргеликте мугалимдерден жана окуучулардан интервьюлар алынды жана

“Комплимент күнү” “Жылмаюуу күнү” уюштурулуп , жума аягында жыйынтыктоочу чакан концерт коюлуп, мектеп сайтына чыгарылды.

Жылдын аягында ,май айынан баштап, жыл ичинде жүргүзүлгөн байкоолордун негизинде окуучулардын психологиялык таанып билүү процесстеринде аткарылган иштерге баа берилди жана анализденди.

Окуучулардын окуу тарбия процессинде мугалимдин канаттануусуна иликтөө жүргүзүлдү. Көпчүлүк классжетекчилер жана мугалимдер балдар менен иштөөдө үйдөн ата-эненин көзөмөлү ,шарттын жакшы түзүлүүсү абдан керектигин, ж.б көйгөйлөрдү билдиришкен.

Психолог мугалимдерге жана классжетекчилерге берген сунуштары:

1 Жыл башында класстын жалпы мүнөздөмөсү менен таанышуу;

2.Психикалык жактан алсыз,мүмкүнчүлүгү чектелген балдарга аяр мамиле жасоо;

3.Тобокел тобундагы балдарды мектеп ичиндеги маданий иш чараларга катыштыруу;

4.Психикалык саламаттыгы начар окуучуларды жеңилдетилген программада окутуу жана тапшырмаларды берүү;

5.Жаш өзгөчөлүгүнө жараша курактык кризиске дуушар болуп жаткан окуучуларды психологго билдирип туруу;

6.Тиешелүү учурда,өзгөчө балдар менен иштеп жатканда эмоцияга алдырбоо;

7.Психологиялык ден соолугу начар балдарды сөзсүз түрдө мектеп администрациясына билдирүү.

Психолог Айдарова Ж .Ө